“БЕКИТИЛДИ”

2021-жылдын «05» мартындагы
№142/1 буйругу менен

# ӨЗҮН - ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

“Кут Билим” окуу-тарбия комплекси билим берүү мекемеси

# ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

## 1.Киришүү

«Кут билим» окуу-тарбия комплекси 2011-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан лицензия берилип, ЖИА (жаш ишкерлер ассоциациясы) мүчөлөрүнүн колдоосу менен 2012-жылы ачылып, дүйнөлүк стандартка туура келген таланттуу жаштарды тарбиялоо үчүн шарт түзүү максатында жана чет өлкөлөрдө жогорку окуу жайларында окутуу үчүн ачылган. Мектепте 7- класстан 11- класска чейин кыргыз тилинде окутулуучу эркек балдарды окутууну ишке ашырат. Кабыл алуу 2 турдуу сынактын натыйжасында ишке ашат.

2017 - жылдан бери мектепти 181 окуучу бүтүрдү

Окуу жайдын өзгөчөлүктөрү

- Англис тилин тереңдетип окутуу;
- Экинчи чет тили – араб тилин окутуу;
- Бардык предметтерди окутууда информациялык коммуникативдик технологияларды пайдалануу;
- 11- класстарга жогорку окуу жайга тапшыруу үчүн кошумча окутууну уюштуруу;
- Ар бир чейректе негизги предметтерди тест түрүндө текшерүү (ЖТС сынактары) ;
- Кыргызстандагы бардык региондорунун окуучуларын окуу жана жатакана менен камсыз кылуу;

Мектептин миссиясы: ” Билимдүү, толеранттуу, көп кырдуу маданиятуу, коомдун активдүү мүчөлөрүн даярдап чыгаруу”

-Балтабаев Кудайназар Абдулахатович- (0505551124)

Билим берүү ишмердүүгүн жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиясы: 2017-жылы берилген № LB170000062. Лицензиянын аяктоо мөөнөтү-мөөнөтсүз. Окуучулардын чектелген саны (киши)-360

-Чүй облусу, Аламүдүн району, Байтик айылы, Эшмамбет уулу Асылбек көчөсү н/ж, 0312 42-17-03 , kutbilim.school@gmail.com, kutbilim-otk.edupage.org

| 1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү; | Кут билим” окуу-тарбия комплексинин 2020/2021 - окуу жылына түзүлгөн окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде түзүлдү.<br><br>Окуу программасынын көлөмү жана убактысы окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келет.<br>Окуу планы окуучулардын жалпы ишмердүүлүгүнүн деңгээли алардын мектепте толук күн болорун эсепке алганда оптималдуу:<br>а) инсандын мотивациялык керектөөчүлүк чөйрөсүнүн, психикалык таанып-билүүчүлүк процесстердин өсүшүнө өбөлгө түзөт.<br>б) окуу-тарбия комплексинин өнүгүү программасына дал келет.<br>в) башка компоненттер менен бирге толук күндөгү мектептин билим берүү жана тарбия берүүчү чөйрөсүн калыптандырат, ошону менен бирге ата-энелердин (кызыкдар тарап) талаптарына жооп бере алат.<br>Окуу беш күндүк мөөнөт менен жүргүзүлөт.Сабактар 1 сменада өтөт. Сабактардын узактыгы 45 мүнөттү түзөт. Толук күндүү окуу процессин жүргүзгөн мектеп катары, сабактан кийинки убактарда окуучулардын кызыгуусу боюнча эстетикалык, спорттук кружок жана секциялар иштейт.. | 1. Мектептин Уставы<br><br>2. “Өнүгүү стратегиясы”<br><br>3. Окуу планы<br><br>4. Түшүндүрмө кат |

## 1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ

.

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү; | Кут билим" окуу-тарбия комплексинин 2020/2021 - окуу жылына түзүлгөн окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде түзүлдү.<br><br>Окуу программасынын көлөмү жана убактысы окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келет.<br>Окуу планы окуучулардын жалпы ишмердүүлүгүнүн деңгээли алардын мектепте толук күн болорун эсепке алганда оптималдуу:<br>а) инсандын мотивациялык керектөөчүлүк чөйрөсүнүн, психикалык таанып-билүүчүлүк процесстердин өсүшүнө өбөлгө түзөт.<br>б) окуу-тарбия комплексинин өнүгүү программасына дал келет.<br>в) башка компоненттер менен бирге толук күндөгү мектептин билим берүү жана тарбия берүүчү чөйрөсүн калыптандырат, ошону менен бирге ата-энелердин (кызыкдар тарап) талаптарына жооп бере алат.<br>Окуу беш күндүк мөөнөт менен жүргүзүлөт.Сабактар 1 сменада өтөт. Сабактардын узактыгы 45 мүнөттү түзөт. Толук күндүү окуу процессин жүргүзгөн мектеп катары, сабактан кийинки убактарда окуучулардын кызыгуусу боюнча эстетикалык, спорттук кружок жана секциялар иштейт.. | 1. Мектептин Уставы<br><br>2. "Өнүгүү стратегиясы"<br><br>3. Окуу планы<br><br>4. Түшүндүрмө кат |

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын(окуучулардын контингентине,анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу-методикалык адабияттардын фонду) болушу | Мектептин китепкана фондундагы окуу китептери КР ББ жана илим министрлиги тарабынан 2020-2021 окуу жылына карата бекитилген окуу китептеринин тизмеси менен (№699/1 9-августагы ) дал келет ( программалар ар бир беш жылда иштелип чыгып, бекитилип турат). О.э. мектеп китепканасында:<br>Көркөм адабияттар-982<br>Окуу китептери-5734<br>Методикалык-278<br>Журналдар-178 бар.<br>2020-2021-окуу жылына карата китепканана окуу китептери менен 100% толукталган. Жаңы окуу жылына 273 сандагы окуу китептери алынган.<br>Окутуу англис тилинде жүргүзүлүүчү предметтер боюнча китептер:Oxford ,University Press басмаканасынан алынып келип окутулат. | 1.Китепканадагы китептер боюнча маалымат<br>2. Окуучулардын китеп менен камсыз болуусунун маалыматы |
| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1.4.** | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу. | Окуучулардын билим сапаты жана тарбиясы жөнүндө маалыматтар өз убагында ата-энелерге жеткирилип турат. Маалымат менен камсыздоо каражаттары болуп: “Edupage” электрондук журналы, ата-эне чогулуштары (жылына 2 жолу), социалдык кызматтар (фейсбук, инстаграмм баракчалары, whatsApp группалары) эсептелинет. Мисалга: “Edupage” электрондук журналын колдонуу менен ата-энелер окуучунун предметтерден алган баасын, класста өзүн алып жүрүүсүн (мугалим эскертүү жазса болот), чейректик, экзамендик бааларын толук түрдө аралыктан көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү бар. Электрондук журналды колдонуу, өздөштүрүү, окуучуну көзөмөлдөө, мугалим менен баарлашуу функциялары боюнча ата-энелерге атайын инструктаж өткөрүлөт, видео-сабактар жиберилет жана айрым суроолорго жооп берүү класс жетекчилердин жардамы менен ишке ашырылат. Ошондой эле аталган электрондук журналдын функциясы боюнча ар бир окуучунун ата-энесине жеке логин жана сыр сөзү берилип, окуучунун жетишкендиктерин көрүү ата-энесинде же жоопкерчиликтүү тараптарда гана калат. Бул ар бир окуучунун маалымат коопсуздугуна кепил боло алат. Сабактык, чейректик, экзамендик баалар боюнча суроо жаралган мезгилде кызыкдар тараптар мугалимдин жеке өзү же класс жетекчи аркылуу маселени чечүү жолдору дагы системалуу түрдө иштейт.<br>Ал эми мугалимдердин электрондук журналды толтуруусу, баалардын коюлуусу боюнча көзөмөл окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан көзөмолгө алынып, кемчиликтер боюнча түшүндүрүүлөр, эскертүүлөр ар жума сайын жүргүзүлөт.<br>Жалпы класстык билим берүү сапаты жөнүндөгү маалыматтар: whatsApp группалары, ата-энелердин чогулуштары аркылуу маалыматтар берилет. | 1.”Электрондук журнал жөнүндө” Жобо<br>2. Социалдык баракчалары<br>Kutbilim Bishkek (фейсбук)<br>Kutbilimotk (инстаграм) |

| |
|---|
| **Жыйынтыгы:**<br><br>**Күчтүү жагы:** 1. Окуу жайда окуу процесси Республикалык-методикалык борбор тарабынан түзүлүп, КРнын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылган окуу планы боюнча жүргүзүлөт<br><br>2. Окуу китептери толук жетиштүү<br><br>3.Окуучулардын билимин баалоо электрондук журналдын жардамы менен жүргүзүлөт<br><br>**Алсыз жагы:** мугалимдер үчүн методикалык китепчелердин жетишсиздиги |

| **2. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | | |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү уюму окуучуларды окутууда жана жетишкендиктерин баалоодо компетенттүүлүк мамилесин ишке ашырат.** | | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.1.** | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу; | Мугалимдер сабактын күндүк пландарын жазууда максаттарды окуучунун позициясында коё билишет.<br>Предметтик мугалимдер Мамлекттик жана предметтик стандартка ылайык кесиптик чөйрөсүнө ылайык төмөнкү компетенттүүлүктөрдү негиз катары сабактарында пайдаланылып жатышат. Алар:<br>1) Маалыматтык компетенттүүлүк - өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу, негиздүү тыянактарды калыптандыруу үчүн маалыматтарды пайдаланууга даярдык.<br>2) Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк - өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этностук, кесиптик, инсандык) баалуулуктарына урмат менен мамиле кылуунун негизинде цивилизациялуу коргоп калуу.<br>3) Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү - маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык. | 1.Мамлекеттик билим берүү стандарты<br>2. Пердметтик стандарттар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.2.** | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | МКТ ишке киргизүү максатында мектебибизде тиешелүү шарттар түзүлгөн:жалпы 28 мугалимдин бардыгы тең МКТ сабактарында туруктуу колдонушат. Мектептин информатика, физика, мультимедия кабинеттери интерактивдүү доскалар менен жабдылган. Андан сырткары, 6 окуу кабинетинде проекторлар бар. Сабактарды интерактивдүү ыкмада, эффективдүү өтүү максатында интернет желеси туташтырылган. МКТ компетенттүүлүктөрүнө ээ мугалимдердин ишмердүүлүгүндөгү көйгөйлөрдү чечүү максатында, мектепте мугалимдер үчүн курстар жана семинарлар уюштурулуп турат. МКТ технологияларын ишке киргизүү багытында мугалимдерге методикалык жардам катары төмөнкү темадагы семинарлар өтүлгөн: “Edupage электрондук журналы менен иштөө”, “Google сервис продукцияларын колдонуу”“ МКТ каражаттары жана алар менен иштөө жолдору”.<br><br>Мугалимдердин сабактары “Перезентация сабактары” анимация, сүрөт, видео-материал, карта жана схемаларды колдонуу менен жүргүзүлөт. Электрондук түрдө түзүлгөн (үлгү катары) сабактарды мектеп мугалимдери өзгөртүү киргизип колдоно алат. | 1.Педкеңештин токтому (№2 2020-2021-окуу жылы)<br><br>2. Сертификаттар<br><br>3. Кабинеттердин сүрөтү |
| **2.3** | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу; | “Кут билим” окуу-тарбия комплексинде окуучулардын билим берүү кыймылын көзөмөлдөө максатында кайтарым байланыш катары: диагностикалык сурамжылоо, айлык, чейректик жана жылдык жыйынтык иштери: жат жазуу, эссе, баяндама формасында алынат. Мугалимдердин жана окуучулардын ишмердүүлүгүн анализдөө жана корректировкалоо максатында сурамжылоо, | 1.Ата-энелер, мугалим жана окуучулардын анкетасы<br><br>2. “Электрондук журнал жөнүндөгү” Жобо<br><br>Социалдык баракчалары Kutbilim Bishkek (фейсбук) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | аңгемелешүү, байкоо иштери жүргүзүлөт. Сурамжылоо жана анкета жылына 1 жолу мугалимдерден жана ата-энелерден, ал эми окуучулардан чейрек сайын алынып, жыйынтыгы анализденип, тиешелүү чаралар көрүлөт. Анкета алуу жана сурамжылоо мектептин өнүгүүсүнө, кемчиликтерди оңдоого түздөн-түз салым кошот.<br><br>Кайтарым байланыштын жаңы усулу: edupage электрондук тиркемеси (чат, билдирүү), вотсап, фейсбук, инстаграмм социалдык тармактардагы баракчалар. "Edupage" электрондук журналынын колдонулушу менен ата-эне, мугалим, окуучунун тыгыз иштешүүсү дагы да жогорулап, окуучуну обьективдүү баалоого, билим берүүгө кызыкдар тарптардын ар дайым ачык жана жеткиликтүү болуусуна шарт түзүлдү. | Kutbilimotk (инстаграм) |
| 2.4 | Билим берүүнүн стандарттарынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объктивдүү жана ачык-айкын системасынын болушу; | Мамлекеттик билим берүүнүн окуу стандарты (2014-ж. 21.07. №403) билим берүүнүн сапатын баалоо, бекитилген ченемдик-укуктук актылардын негизинде окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин, окуу программаларын өздөштүрүүсүнүн, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана башка талаптар менен аныктоо үчүн жүргүзүлөт. Мектепте билимди баалоо системасы, билим берүү системасынын стандартташтырылган жетишкендиктерин ар кандай сыноолорду пайдалануу менен бирге бааланат.<br><br>Ошондой эле ички жана тышкы баалоонун жыйынтыгынын мониторинг жана көзөмөлүнөн турат. Окуу | 1."Окуучулардын жетишүүсүн баалоо" Жобосу<br><br>2. Көчүрүү жана мамлекеттик экзамендерди өткөрүү жөнүндөгү буйруктун көчүрмөсү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | комплексинде билим берүү системасынын абалын ортоңку жана жогорку класстарда мониторинг жүргүзүү менен жыйынтыгы чыгарылат.<br><br>Окуучулардын билимин баалоону жүргүзүү стандарт боюнча жүргүзүлөт.<br><br>Комплекс-гимназияда окуучулардын жыйынтыктоочу баалоосу чейректик, жарым жылдык, жылдык болуп бааланат. Атайын иштелип чыккан эрежелерге ылайык жүргүзүлөт жана баалоо критерийлерине карата жазуу жүзүндө жүзөгө ашырылат.<br><br>Окуучулардын билимин баалоо мугалимдер тарабынан, мектеп директору бекитикен " Окуучуларынын билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн баалоонун нормалары" жобосунун негизинде ишке ашырылат.<br>9-11-класстарда баалоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, билим берүү жана окуу стандартын аткаруу менен мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын негизинде ишке ашырылат. | |
| **2.5.** | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу; | Мектептин ишмердүүлүгү, жетишкендиктери жана өзгөрүүлөр, баалардын коюулушу боюнча маалыматты өз убагында ата-энелерге жана окуучуларга жеткирүү класстык сааттар, ата-энелер чогулуштары, социалдык тармактар жана электрондук журнал аркылуу жүргүзүлөт. Мектептин электрондук баракчасы көпчүлүк социалдык тармактарда бар жана алар аркылуу мектептеги жаңылыктар чагылдырылып турат (инстагарамм, фейсбук, едупж). Азыркы учурда колдонулуп жаткан маалымдоо технологиялары жана процесстерди автоматизациялоонун бардык талаптарына жооп берет. | 1. "Аппеляциялык комиссия" жөнүндөгү Жобо<br><br>2. Электрондук журнал жөнүндөгү" Жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Келечекте азыркы учурда иштеп жаткан системаны жакшыртуу жана инновацияларды киргизүү пландалууда. Колдонулуп жаткан "Edupage электрондук журналын" жакшыртуу, жөнөкөйлөштүрүү жолдору каралууда.<br><br>Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо жана жыйынтыктоо аттестациясын, окуучуларды класстан-класска көчүрүү экзамендерин өткөрүү мезгилинде, мугалимдерден турган апелляциялык комиссия курамы директордун буйругунун негизинде бекитилет.<br><br>Апелляциялык комиссиянын курамына окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары, предметтик мугалимдер кирет. Окуучулар алган баасына макул болбогон учурда апелляциялык коммисия кайрадан билим деңгээлин текшерип, жыйынтыгын чыгарат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.6.** | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу; | Окуу жылынын башында бардык мугалимдерге, тех.персоналдарга, тарбиячыларга жана окуучуларга өрт коопсуздугу, техникалык коопсуздук эрежелери, жол эрежелери тууралуу инструктаж өткөрүлүп, журналдарга кол коюлат.<br><br>Окуу корпусунда: окуу кабинеттеринде, китепканада, фаеде, ашкана, жатаканада жана мектеп террриториясында бардык санитардык-гигеналык эрежелер сакталган. Окуу кабинеттерин жарыктандыруу, класстардын жасалгалары (аянты, өңү), окуу мебелдери, жылуулук температурасы белгиленген нормаларга ылайык келет. Мектеп ашканасындагы инвентарлар, тамак ичүүдө колдонулган идиш-аяктар, тазалык маселелери жолго салынып, милдеттүү талаптарды аткарат. Жатаканадагы бөлмөлөр окуучулардын санына карата бөлүнүп, ар бир окуучуга жатуучу кровать,төшөктөр шкафтар бөлүнүп берилет жана окуу жылынын башында райондук санитардык-эпидемалогиялык борбор тарабынан көзөмөлдөн өтүп, тазалоо иштери жүргүлөт.<br><br>Окуучулардын коопсуздугу үчүн видео-байкоочу 39 камера орнотулган. Окуучулардын тартип бузуу, бири-бирине үстөмдүк кылуу иштерин алдын-алуу жана көзөмөлдөө үчүн танапис мезгилеринде күнүмдүк нөөмөтчү мугалимдер жооптуу болушат. Ал эми жатаканада күнүгө 2 ден тарбиячы нөөмөтчүлүк кылышып, балдардын коопсуздугун, ден-соолугун байкоого алышат.<br><br>Мектептин ден-соолукту чыңдоочу спорт аянтчасы, спорт залы бар. Мектеп парламенти жана класс жетекчилер | 1.Санэпидемологиялык борбордун чечими<br>2. Коопсуздук эрежелери<br>3. Техникалык эрежелер<br>4. Мектептин күзөт кызматы менен келишими<br>5. Медайымдын инструкциясы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тарабынан ар түрдүү спорттук иш-чаралар өткөрүлүп турат. Бул иш-чаралардын негизги максаты окуучулардын өз ара аралашуусуна, командалык иштөөнү өнүктүрүүгө, ден-соолугун чыңдоого багытталган жана спорттук иш-чаралар жыл бою бекитилген план боюнча ырааттуу түрдө өткөрүлөт.<br><br>Мектепте медициналык тейлөөдө 2 кызматкер күн сайын иштейт (саат 9:00-17:00-арасы). Алгачкы медициналык жардам, дары каражаттары мед.пунктан берилет жана жатакана тазалыгы, тамактар, окуу бөлмөлөрүнүн абалы медициналык кызматкер тарабынан көзөмөлдөнүп турат.<br><br>Класс жетекчилер окуучулар менен жеке көрүшүү, топтук аңгемелешүү аркылуу окуучларга психологиялык колдоо көрсөтүп турушат. Ал эми класс жетекчилер ар убакта окуучулар менен иштөө боюнча семинарларга катышып турушат. | |
| **2.7** | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы; | Ички жана тышкы баалоо системалуу түрдө жүргүзүлөт жана мониторингдери жарыяланат:<br><br>-ЖМА нын анализи (3 жылдык)<br><br>-тереңдетилип окутулган сабактардын анализи (3 жылдык) | 1.ЖМАнын 3 жылдык анализи<br>2. Араб жана англис тили предметтеринин 3 жылдык анализи<br>3. Өзүн-өзү баалоонун анализи<br>4. ЖРТнын анализи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -аккредитация үчүн алынган өзүн-өзү баалоонун анализи<br><br>-ЖРТ нын анализи (5 жылдык) | |
| **2.8.** | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Окуучулардын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөр) арыздарын жана даттанууларды карап чыгып жана иш алып баруу үчүн “Ишеним кутучасы”, ишеним телефондору иштейт. Түшкөн маалыматтарга, арыздарга анализ жүргүзүү үчүн атайын топ түзүлгөн. Бул топко директор, директордун тарбия иши боюнча орун басарынан турган атайын топ кирет. “Ишеним кутучасына” түшкөн маалыматтар боюнча ар жуманын акырында анализ жүргүзүлүп, тиешелүү иштер жүргүзүлөт. Суроолор менен кайрылган ата-энелер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп класс жетекчиси, директордун орун басарлары тарабынан көйгөйүн туура чечүү үчүн иш алып барылат. | |

**Жыйынтыгы:**
**Күчтүү жактары:1.** Окутуучулардын ишине ата-энелер, окуучулар тарабынан баа берилип турушу
2. Жалпы мугалимдердин МКТ каражаттарын колдоно алуулары
3. Электрондук журналдын жардамы аркылуу ачык-айкын баалоо системасынын болушу
4. Жылдан-жылга ЖРТнын орточо көрсөткүчүнүн жогорулоосу

**Алсыз жактары:1.** Психолог үчүн штаттын ачылуусу
2. Мектепте инновациялык техникалардын санын көбөйтүү

| 3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ | | | |
|---|---|---|---|
| Билим берүү уюмунун өз ишин компетенттүү персонал менен камсыздоо үчүн натыйжалуу кадрдык саясаты болушу керек. | | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
| **3.1** | Педагогикалык персоналдык квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Кут билим" окуу-тарбия комплексине мугалимдерди кабыл алууда педагогдун квалификациясына жана компотенттүүлүгө басым жасоо менен кабыл алынат. Педагогдордун кадрдык курамы штаттык расписаниенин негизинде түзүлөт. Баардык предметтик мугалимдер адистиги боюнча туура келет.<br>2020-2021-окуу жылынын 2-жарым жылдыгына карата мектепте 29 мугалим иштеп жатат.<br>Жогорку билимдүүсү-26 (90%)<br><br>Атайын орто,бүтпөгөн-3 (10%)<br><br>Жаш мугалимдер-10<br><br>Педагогикалык кадрлардын саны: 29<br><br>Администрация **-5**<br><br>**Мугалимдер-29**<br><br>**Эркектер-19**<br><br>**Аялдар-10**<br><br>**Часовичтер-0**<br>**пенсионерлер-0** | 1.Сапаттык курам<br>2. Жумалык жүктөмдөр<br>3. Штаттык курам |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **Мурунку жылы квалификациясын жогорулатуу курсунан өткөндөр-**<br><br>**Жаш мугалимдер-14**<br><br>Мугалимдер жөнүндө<br><br>• Жогорку билимдүү – **26**<br>• Педагогикалык орто билимдүү–**3**<br>• Эл агартуунун мыктысы - **жок**<br>• КРнын эмгек синирген мугалими – жок<br>• Элдик мугалим– жок<br>• "Данк" медалы – жок<br><br>**педагогикалык стаж:**<br><br>• 5 жылга чейин –18<br>• 5-10жыл чейин-6<br>• 10 -15жыл чейин -3<br>• 15 жылдан жогору –2<br><br>Мугалимдердин жүктөмү:<br>Ставкадан төмөндөрү-21<br>1 ставка-4<br>1 ден 1,5 ставкага чейинкилери-7<br>1,5 дан 2 ставкага чейинкилери-0<br>2-ставкадан жогоркулары-0 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.2** | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу; | Мектептеги коопсуздукту көзөмөлдөө максатында жалпы территорияга видео-көзөмөл камералары коюлган. Окуу жылынын биринчи жумасында техникалык-коопсуздук, санитардык-гигениалык эрежелери боюнча инструктаждар өтүлөт.<br><br>Коноктордун чыгып кирүүсү боюнча көзөмөл кызматы иш алып барат. Коноктордун мектеп имаратына киргизүү тиешелүү жетекчилердин макулдугу менен ишке ашырылат. Окуучулардын мектепке кирүү, чыгуусун көзөмөлдөө “Өтмөк тартибин уюштуруу” Жобосу боюнча ишке ашырылат жана үйүнө барып келүү маселесинде ата-энелерге толук жоопкерчилик жүктөлгөн.<br><br>Окуучулардын өз ара мамилелерин кароодо тарбия завучу, класс жетекчилер жана тарбиячылар тыгыз байланышта иштешет. Ар түрдүү маселелер боюнча педагогикалык кеңеш, мүдүр алдындагы кеңеш, тартип комиссиясы, апелляция комиссиясы иш алып барат жана өз чечимдерин чыгарат.<br><br>Окуучулардын социалдык, үй-бүлөөлүк абалы боюнча окуу жылынын башында класс жетекчиси тарабынан сабак берген мугалимдерге педконсилиум өткөрүлөт. Педконсилиум окуучу менен мугалимдин иш алып баруусун жеңилдетет.<br><br>Жумасына 2 жолу класс жетекчи жана тарбиячы тарабынан окуучулар менен топтук жана жеке көрүшүү иштери жүргүзүлүп, маселелер боюнча тарбия завучуна кабар берилет. Окуучулардын өзүн алып жүрүүсү, | 1.“Өтмөк тартибин уюштуруу” Жобосу<br><br>2. Окуу бөлүм башчысынын жылдык ички көзөмөлү<br><br>3. МБнин жылдык планы<br><br>4. Педконсилиум талаптары<br><br>5. Ата-эне, мугалим, окуучулардын анкетасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | сабактардагы жетишкендиктери тууралуу ата-энелерине кабар берилип турат.<br><br>Мугалим жана окуучулардын өз ара мамилелерин баалоо боюнча чейрек сайын окуучулардан анкета алынап турат. Анкетанын жыйынтыгы анализденип, тиешелүү иштер (аңгемелешүү, мугалим-окуучу-ата-эне баарлашуусу, метод башчылары, окуу бөлүм башчысы тарабынан сабактарга катышуу) жүргүзүлөт. Тарбия жаатында маселе болгон окуучулардын ата-энелери мектепке чакырылып, айрым учурларда ата-эненин үйүнө зыяратка баруу менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. | |
| **3.3** | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Мугалимдердин билимин жогорулатуу жогорулатуу курстарынан өтүү үчүн перспективдүү план түзүлүп мугалимдер менен тааныштырылган.<br><br>Мектепте жаш мугалимдер үчүн каникул учурунда кыска мөөнөттү семинар-окутууларды жүргүзөт. Мектеп мугалимдери КАОдон, “Сапат” ББМнен, “Креатив-Таалим” Билим берүү комплексинен билимин жогорулатуу курстарынан өтүп турушат. Ошондой эле предметтик жумалыктар,семинар-тренингдерди өткөрүү да мугалимдин кесиптик чеберчилигинин жогорулашына, изденүүчүлүккө шарт түзөт.<br><br>Быйыл жалпы мугалимдер жамаатынын 93%ы күзгү жана кышкы каникул убагында “Креатив-Таалим” Билим берүү комплексинен 24 сааттык квалификациясын жогорулаттуу курсунан өтүп турушат. Онлайн окуу мезгилинде айрым мугалимдерибиз онлайн-вебинарларга | 1.Педагогикалык кадрларынын билимин жогорулатуу боюнча перспективдүү планы.<br><br>2.Сертификаттардын көчүрмөсү<br><br>3. “Олимпиадага окуучуларды даярдоо” Жобосу<br><br>4.2020-2021-окуу жылында квалификациясын жогорулатуудан өткөн мугалимдердин тизмеси |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | катышып, билимин жогорулатуу курстарынан өтүштү. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу планы мектептин "Өнүгүү планы", жылдык планында каралган.<br><br>Мектептин методикалык темасына ылайык ар бир мугалим өзүнүн кесиптик өнүгүү пландарын иштеп чыгышкан. Мектепте 3 методикалык бирикме иштейт. Метод бирикмелеринин жылдык планы бекитилген. Жума сайын метод башчылары жана окуу-иштери боюнча директордун орун басары менен биргеликте жыйналыш өткөрүлүп, мугалимдердин сабак өтүүсү, методикалык семинарларды пландоо боюнча кеңешме өткөрүлөт. Өз ара сабакка катышуу системалуу жүргүзүлөт (жумасына ар бир мугалим өз бирикмесиндеги мугалимдин сабагына катышуу педагогикалык кеңеш тарабынан жактырылган). Метод башчылары менен биргеликте сабакка анализ жүргүзүү планы иштелип чыгып, окуу бөлүм башчысы сабагынан сабактын структурасы жана анализ жүргүзүү боюнча семинар өткөрүлгөн.<br><br>Жыл ичинде "Жылдын мыкты мугалими", "Мыкты жумалык" сынактары өткөрүлүп,стимул катары мектеп тарабынан сыйлыктар ыйгарылып турат. О.э. предметтик олимпиада жеңүүчүлөрүн даярдаган мугалимдерге да сыйлыктар көрсөтүлгөн.<br><br>Мектепте мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга толук шарт түзүлгөн. Жумушка кабыл алууда кесипкөйлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү өз ишине болгон мамилесине байкоо жүргүзүү максатында сыноо мөөнөтү берилет, жылдын аягында ишмердүүлүгүнө баа берилип, келишим узартылат же токтотулат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

Жыйынтыгы:

***Күчтүү жактары***

1. Мугалимдерди инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүлүүсү
2. Мугалимдерди мотивациялоо жол-жоболорунун болушу
3. Коопсуздук чөйрөсүн түзүүдө ата-эне, мугалим жана окуучунун тыгыз иштешүүсү

**Алсыз жактары:**

1.Жаш кадрлардын туруксуздугу

| 4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА | | | |
|---|---|---|---|
| Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү коопсуз жана билим берүүнүн максаттарына ылайык келүүчү материалдык-техникалык базасы болушу керек. | | | |
| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар,компьютердик класстар, спорт зал) болушу | Кут билим" окуу тарбия комплексинде окуучулардын билим алуусу үчүн материалдык-техникалык базанын бардык шарттары түзүлгөн. Уч кабаттуу окуу корпусу, эки кабаттуу жатакана, ашкана, спортзал жана спорттук аятчалар, эс алуучу жайлар бар. Окуу жайдын тиешелүү жалпы аянты 9670м2,<br><br>• жалпы курулуш имараттарынын аянты 3105,23 м2<br>• Башкы окуу корпусунун жалпы аянты 907,12 м2<br>• Окуу корпусунда жалпысынан 14окуу кабинеттери бар. Физика кабинети-1<br>• Химия кабинети-1<br>• Кыргыз тили жана адабияты кабинети-1<br>• Орус тили жана адабияты кабинети-1<br>• Англис тили кабинети-1<br>• Математика кабинети-1<br>• Тарых кабинети-1<br>• География кабинети-1<br>• Биология кабинети-1<br>• Компьютердик класс-1<br>• Шахмат жана тогуз коргоол класс-1<br>• Атайын технологиялар кабинеттери-1<br>• Алардан тышкары:<br>• Административдик кабинеттер-6 | 1.Техникалык паспорт<br>2. Фото отчеттер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун кабинети-1<br><br>3 окуу классы интерактивдүү доска менен камсыз болсо 7 кабинет проектор жана экрандар менен жабдылган. Компьютердик класс заманбап типтеги 19 компьютер бар, окуу жайдын бардык компьтерлери 4 принтер-сканер менен жабдылган жана интернет кошулган. Компьютердик класс 1 сменада колдонулат. Окуу корпусунун кире беришине кеңейтилген эшиктер орнотулган. Окуу корпусун ар кабатында экиден (эркек балдар үчүн) даарат кана жайгашып санитардык талаптарга жооп берет.<br><br>Заманбап спорт комплекси окуутуунун жана окуучулардын машыгуусунун бардык талаптарына жооп берет. Жалпы спорттук залдан тышкары теннис, күрөш жана чечинип-кийинүү кабиналары бар. Ысык суу жана жылытуу менен камсыз болгон душ кабиналары орнотулган.<br><br>Жыйын залы окуу корпусунда жайгашып 160 орунтуктар, сахна жана даярдык бөлмөсүнөн туруп, керектүү инвентарлар менен жабдылган.<br><br>Медициналык пунк эки бөлмөдөн туруп керектүү эмеректердин бардыгы менен жабдылган. Дарылар үчүн текчелерде биринчи жардам үчүн дары-дармектер сакталат. Медициналык пункт эки бөлмөдөн туруп керектүү эмеректердин бардыгы менен жабдылган. Алгачкы медициналык жардам көрсөтүү үчүн керектелүүчү бардык медикаменттер убактысы менен алынып, өз убагында текшерилип турат. Мектеп жатак окуу-комплекси болгондугуна байланыштуу ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар окушпайт. Окуучуларды кабыл алууда | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | дени сактыгы тууралуу медициналык көрсөтмө (№086) талап кылынат.<br><br>"Кут билим" окуу тарбия комплексинин ашканасы 160 орунга ылайыкташтырылган керектүү идиш-аяктар, ысык тамактарды даярдоо үчүн электрдик жабдуулар жана тамак-аштарды сактоочу склад менен толук камсыз болгон. Ашкана жана кухня санитардык норманын шарттарына толук жооп берет. Идиш-аяктарды жууп жана сактоо үчүн өзүнчө бөлмө бар.<br><br>Башка мектептер сыяктуу эле күнүнө 3 маал ысык тамак берилет, Жатакана 250 орунга ылайыкташтырылган 2 этаждуу имарат, жылуулук системасы автаномдуу, комур менен ысытылат , заманбап сан узелдер менен ар бир секция жабдылган. Жатаканада эс алуу комнаталары, катуу жана жумшак инвентарларды (одеял, матрас, шейшеп, шкаф ж.б) сактоочу склад, кир жууган жер, жуунуучу жай жайгашкан | |
| **4.2** | Билим берүү чөйросүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын эрежелери) | Мектепте билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптары сакталган жана тиешелүү органдар менен тыгыз байланыш түзүлгөн. Алсак, окуу жылынын 1-чейрегинде мектеп, жатакана, ашкана имараттары Аламүдүн райондук санитардык-эпидемологиялык борбору тарабынан санитардык кароодон өтөт. Гигиеналык эрежелерди сактоо боюнча: окуу жылынын башында мугалимдер, техперсоналдар, ашкана кызматкерлери медициналык кароодон өтүп, медициналык китепчеси талапка ылайык толтурулгандан соң гана кызматка кирише алышат. Мекеменин медициналык кызматкери күнүмдүк гигиеналык эрежелердин сакталышы белгиленген иш тартиби боюнча ар дайым көзөмөлгө алып турат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Лаборатория кабинеттеринде өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары, коопсуздук бурчтары уюштурулган. Санитардык нормага ылайык желдеткичтер менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы жакшы, күнүнө эки жолу техничкалар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат. Жылына бир жолу ремонттолуп, сырдалат.<br>Окуу жайдын корпустары өрткө каршы керектүү жабдуулар менен жабдылган жана өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуу эшиктер менен жабдылган. Эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу боюнча ар бир окуу классында антисептиктер ракавиналар жана бут сүртүүчү антибактериалдык килемчелер орнотулган.<br>Ар бир өндүрүштүк окутуунун алдында бардык билим берүү процессинин катышуучуларына (мугалим, окуучу, техкызматкерлерге) техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат. Эмгекти коргоо багытында ар бир кызматкер менен келишим түзүлүп укук, милдеттери көрсөтүлөт. | |
| **4.3** | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу; | Кут билим ОТК.3-жылдык материалдык-техникалык базаны чындо максатында төмөнкү иштер каралган.<br>Окуу имараты боюнча<br>-Мектепти жыл сайын жай айларында косметикалык ремонттон өткөрүү.<br>-106 мультимедия классын заманбап техникалык жабдыктар (акылдуу доска, үн системасы,проектор) менен камсыз кылуу.<br>-Окуу коминеттерин толук проекторлор менен толуктоо. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -Информатика коминетиндеги компьютерлерди ремонттон өткөрүү жана толуктоо.<br><br>Ашкана.<br><br>-Окуучулардын санынын көбөйгөндүгүнө байланыштуу жана санитардык,гигеналык шартты жакшыртуу максатында идиш аяк жуучу машинасын алуу.<br><br>-Жыл сайын ашкананын техникалык абалын көзөмөлдөн өткөрүп туруу жана зарылчылыка жараша ремонтто.<br><br>-Мектеп тероториясына окуучулардын ден-соолугун чыңдоо максатында Workont (брус,турник,змейка,отургуч ж.б. алуу каражаттарын )орнотуу.<br><br>Аталган иштерди каржылоо,мектептин бюджетин жана демөөчүлөр тарабынан ишке ашырылуусу күтүлүүдө. | |
| Жыйынтыгы:<br><br>***Күчтүү жактары:*** 1.Мектеп жана жатакана имаратында окуучулар орундун жетиштиги.<br><br>2..Мектептин айылдын борбордук канализациясына байланганы.<br><br>3.Жатакана жана мектепте санитардык жана гигеналык нормалар сакталып көзөмөлдөнүп турат.<br><br>**Алсыз жактары:** Мектеп айыл жергесинде жайгашканына байланыштуу,жаз мезгилиндеги сугат учурунда суу тартыштыгы келип чыгат. | | | |

**3.Корутунду**

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү “ мыйзамынын билим берүү тармагындагы “Мамлекттик стандартка ” ички актылардын жана минималдуу талаптары менен иш жүргүзүлөт жана дал келет.
- “Кут билим” окуу- тарбия комплекси ченемдик документтер менен иш алып барат. Мектеп локалдык актылардын негизинде иштейт.
- Окуу-тарбия комплексинин өнүгүү программасына коюлган максаттарына ылайык жыйынтыктары жыл сайын чыгарылып, окуу жылынын башында кийинки окуу жылына максаттары, милдеттери коюлуп, анализденип турат. Алардын жыйынтыктары, ийгиликтери педкеңешмелерде көрсөтүлүп турат.
- "Кут билим" окуу-тарбия комплекси 2020-2021-окуу жылы үчүн окуу планы Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475\1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдун Базистик окуу планынын негизинде кабыл алынды
- Окуучулардын билими жана жетишүүсү чейрек сайын бааланат. Чейректик баалар окуу программанын өздөштүрүүсүнүн жыйынтыгынын негизинде мониторингдер чыгарылат. Ошондой эле ички көзөмөл боюнча алынган тесттин жыйынтыгы боюнча мониторинг жана талдоо педагогикалык кеңеште каралат. Ички баалоонун жыйынтыгы ата-энелерге, кызыктар тараптын өкүлдөрүнө “Edupage” электрондук журналы аркылуу билдирилет. Жыйынтыгын талдоонун негизинде кийинки чейрекке карата пландоо жүргүзүлөт. Чейрек ичиндеги пландоонун негизинде иш алып барылат.
- Мектептин ички көзөмөлүнүн планы боюнча биринчи жана экинчи жарым жылдыкта предметтерден алынган мониторингдин жыйынтыгы окуу-тарбия иштери боюнча директордун алдындагы кеңешмеде каралып, жыйынтыктары чыгарылат. Кеңешменин токтому боюнча предметтик мугалимдер бирикме жетекчилери менен бирге класстагы предметтин окутулушунун жетишкендиктерин аныктап, алдыңкы тажрыйбаларынан жаш адистер менен бөлүшөт. Ал эми жетишпеген окуучулар менен предметтик мугалимдер жекече иштерди системалуу түрдө алып барат.
- Мугалимдер сабакты өтүүдө жаңы стандартка ылайык сабактын планын жазууда максаттарды окуучунун көз карышында жазууга калыптанышкан. Ошондой эле мамлекттик стандарттагы негизги 3 компетенттерди ишке ашырууда предметтик компетенттерди сабактарында айкалыштырып жатышат.
- Мугалимдер МКТны 100% колдонушат. Каникул ичинде мугалимдердин технологияларды өздөштүрүүсү үчүн атайын семинар-тренингдер өткөрүлүп турат. Мектептин материалдык базасы чыңдалып, иштөө үчүн шарт түзүлүп берилген.
- Кызматкерлерге, жумушчуларга коопсуздук ыкмалар боюнча түшүндүрүү иштери жыл бою жүргүзүлөт. Коопсуздук эрежелери боюнча кызматкерлерге инструктаж өтүлүп турат.
- Мектеп жамааты бардык предметтерди окутуу боюнча толук түрдө комплектование болгон. Мектеп ичинде билим берүүнүн максаттарына жетүү үчүн кадрлар жетиштүү түрдө камсыз болгон.
- Педагогикалык жамааттын өз билимин өркүндөтүүсү жыл башында түзүлгөн график боюнча ишке ашырылат.
- Мектепте окуу –материалдык базасын чыңдоо иши жолго коюлган. Жыл сайын материалдык-техникалык жаңылоо ишке ашып турат.

- Окуу-тарбия комплексинде билим сапатын өнүктүрүүдө мугалимдерге жана окуучуларга жакшы шарттар түзүлгөн.
- Мекемеде коопсуздук техникасынын нормалары, өрт коопусуздук, санитардык гигиеналык эрежелери талапка жооп берет.
- Мектеп окуучулары окуу китептери менен 100% камсыз болгон. Жыл сайын мектеп көркөм адабияттар толукталып турат.
- Мектепте балдар үчүн ысык тамак уюштурулган. Балдардын тамактануусу үчүн ашканада бардык шарттар уюштурулуп, керектүү электр жана эмерек жабдыктары менен камсыздалган. Балдардын ден соолугун көзөмөлдөө үчүн медпункт уюштурулуп, мед кызматкер графиктин негизинде күн сайын иш жүргүзөт.

Комиссиянын төрагасы: Балтабаев Кудайназар Абдулахатович-мектеп директору

Комиссиянын мүчөлөрү:

Нургазы уулу Данияр-окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Бугубаев Тилек Асанбекович- тартип жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары:

Карпеков Расул Жыргалбекович-тарбия иштери боюнча директордун орун басары:

Кумарбек уулу Сыргакбек-табигый илимдер метод бирикмесинин жетекчиси;

Адылбекова Ырыскүл Адылбековна-так илимдер боюнча метод бирикмесинин жетекчиси;

Джээналиева Зинаида Бекматовна-гуманитардык илимдер боюнча метод бирикмесинин жетекчиси;

Талайбек уулу Нурсеит-жатакана директору;

Кенжебаев Урматбек Садырович-чарба иштери боюнча директордун орун басары;